**“Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуу тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин буйругунун долбооруна**

**МААЛЫМКАТ-НЕГИЗДЕМЕ**

**1. Максаты жана милдеттери**

“Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуу тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин буйругунун долбоорунун (мындан ары-Буйрук долбоору) максаты жайыттарды жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү жана 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомун аткаруу жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 6-беренесинин 6-пунктун ишке ашыруу болуп эсептелет.

Ушул буйруктун долбоорунун милдети жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуунун бирдиктүү тартибин белгилөө, алардын түзүлүшүн, мазмунун жана тариздөөсүн аныктоо болуп саналат.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Бул буйруктун долбоору жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу, жайыттарды деградациядан сактоо жана болтурбоо максаты менен Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планынын жана Жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планынын ишке ашырылышына мамлекеттик контролду жүргүзүү үчүн иштелип чыккан.

Буйруктун долбоору Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуунун, макулдашуунун жана бекитүүнүн, ошондой эле алардын аткарылышына мониторинг жана баалоонун бирдиктүү тартибин белгилейт.

Бүгүнкү күндө "Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө" Типтүү жобо иштелип чыкты жана бекитилди, анткени азыркы учурда жайыт жерлерин натыйжалуу жана сарамжалдуу башкаруу жана жайыттардын деградациясын болтурбоо үчүн ушул Типтүү жобону иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылдыгы келип чыккан.

Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамына

ылайык жайыттарды башкаруу, Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планынын жана Жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планынын негизинде ишке ашырылат. Бирок, аларды иштеп чыгуунун тартибин бекиткен ченем жок.

Азыркы мезгилге чейин жайыт жерлерин башкарууда Кыргыз Республикасы ишке ашырган жайыттарды жакшыртуу чөйрөсүндө эл аралык донорлордун колдоосу менен чыгарылган жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча пландарды түзүү боюнча методикалык колдонмолор пайдаланылып келген.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн колдонмолор сунуштама берүүчү мүнөзгө ээ жана жайыттарды башкарууну мамлекеттик жөнгө салуу үчүн ченемдик-укуктук шарттарды түзбөйт.

Башкача айтканда, Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча пландарды иштеп чыгууда мамлекеттик жөнгө салуунун бирдиктүү жол-жоболору жок.

Мындан тышкары, региондордун социалдык-экономикалык жана жаратылыш-ресурстук потенциалын сарамжалдуу пайдалануунун негизинде айыл аймактарындагы жана шаарлардагы социалдык-экономикалык кырдаалды жакшыртуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, башкарууда түзүмдүк өзгөртүүлөрдү ишке ашыруу, көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртуу жана калктын бакубаттуулугун камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Указына ылайык Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде администрациялык-аймактык реформа жүргүзүлүүдө.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жогоруда аталган Жарлыгынын негизинде “Пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа менеп камтылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө” 2023-жылдын 29-декабрындагы №735 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому кабыл алынды.

Жогорудагылардын негизинде бул буйруктун долбоорун иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыкты.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Ушул буйруктун долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин талаптарына ылайык, ушул буйруктун долбоору, коомдук талкуу процессин өтүү үчүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында (http://koomtalkuu.gov.kg) 2024-жылдын 13-мартынан 12-апрелине чейин жайгаштырылган. Коомдук талкуунун жыйынтыктары боюнча сунуштар жана сын-пикирлер келип түшкөн жок.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Берилген буйруктун долбоору колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоонун зарылдыгы тууралуу маалымат**

Ушул буйруктун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучу таасирдин анализи боюнча маалымат**

Көрсөтүлгөн долбоор жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт, анткени ал ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**төрагасынын орун басары-министр** **Б.Э. Торобаев**